**2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн өзгөрүү багыты (динамикасы)**

2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде *реалдуу ички дүң өнүм* (ИДӨ) (УСК маалыматтары боюнча) 5,9 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын январь-февраль айлары ичинде – 9,4 пайыз), «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканасын эске албаганда, реалдуу ИДӨ 5,2 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

*ИДӨ дефлятору* (УСК маалыматтары боюнча) 2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде 3,3 пайызды түзгөн (2013-жылдын январь-февраль айларында – 1,2 пайыз).

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында инфляция 1,2 пайыз чегинде катталган (2013-жылдын январь-февраль айларында – 1,2 пайыз), жылдык мааниде алганда инфляция деңгээли 4,0 пайызды түзгөн. Жөнөкөй эсептеп алып салуу ыкмасы менен эсептелген базалык инфляция 6,9 пайыз чегинде түптөлгөн (жылдык мааниде).

2014-жылдын баш жагынан бери *АКШ долларынын сомго карата расмий курсу* 6,5 пайызга өсүү менен 52,4359 сомду түзгөн (2013-жылдын январь-февраль айлары ичинде – 0,4 пайызга өскөн).

2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде акча базасы 8,8 пайызга кыскаруу менен 66 721,2 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-февраль айларында - 3,7 пайызга), анын ичинде жүгүртүүдөгү акча, башка депозиттик корпорациялардын камдары (резерв) 4,0 пайызга көбөйгөн шартта, 10,0 пайызга азайган.

Февраль айынын акырына карата абал боюнча акча базасынын түзүмүн төмөнкүчө мүнөздөөгө болот:

- жүгүртүүдөгү акчалардын үлүшү 90,4 пайызды түзгөн;
- башка депозиттик корпорациялардын камдарынын үлүшү 9,6 пайыз чегинде катталган.

Башка депозиттик корпорациялардын камдарынын түзүмүндө милдеттүү камдар, үстөк камдарды 14,2 пайызга 741,0 млн. сомго чейин азайткан шартта (2013-жылдын ушул эле мезгилинде милдеттүү камдар 0,1 пайызга, ал эми үстөк камдар – 16,1 пайызга өскөн), 7,0 пайызга көбөйүү менен 5 694,0 млн. сомду түзгөн.

Акча базасынын кыскарышы негизинен Улуттук банктын операциялары менен шартталган, 2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде ал акча базасын 5 597,2 млн. сомго азайткан, мында Өкмөттүн операциялары акча базасын кошумча 821,0 млн. сомго төмөндөткөн. 2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде Улуттук банк тарабынан алтынды сатып алуу суммасы 131,4 млн. сомду түзгөн, банктарды кайра каржылоо көлөмү – 160,0 млн. сом чегинде катталган.

Дүң эл аралык камдар кароого алынган мезгил ичинде 142,6 млн. АКШ долларына азайып, 2 097,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Ички рынокто алтынды сатып алуу камдардын 2,6 млн. АКШ долларына өсүшүнө салым кошкон.

Таза ички активдер ушул мезгил ичинде 5 725,8 млн. сомго азайган. Буга чет өлкө валюталарын кайра баалоонун натыйжасында, ошондой эле мамлекеттик башкаруу органдары алдында милдеттенмелердин 1 585,7 млн. сомго өсүшүнөн улам, капитал эсебинин 4 925,7 млн. сомго көбөйүүсү салым кошкон. Ошол эле учурда коммерциялык банктар алдында милдеттенмелердин 1 883,5 млн. сомго азайышы да таза ички активдердин өсүшүнө таасир эткен.

**Акча топтомдорунун өзгөрүүсү**

Банктардан тышкары нак акчадан жана улуттук валютадагы депозиттерден турган *М2 акча топтому* 2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде 83 867,6 млн. сомду түзүү менен 7,8 пайызга азайган (2013-жылдын январь-февраль айларында М2 көрсөткүчү 3,6 пайызга кыскарган эле).

2014-жылдын январь-февраль айларында чет өлкө валютасындагы депозиттерди эске алуу менен М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 2,8 пайызга кыскарып, 117 487,4 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-февраль айларында – 0,9 пайыз), бул эң башкысы, банктардан тышкаркы акчалардын 10,3 пайызга 55 553,4 млн. сомго чейин кыскарышы менен шартталган.

M2X эсептеринде камтылуучу *депозиттердин көлөмү*[1] 2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде 5,0 пайызга өсүп, 61 933,9 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-февраль айларында – 4,0 пайыз). Чет өлкө валютасындагы депозиттер 12,3 пайызга өсүп, 33 619,7 млн. сом чегинде түптөлгөн, ал эми улуттук валютадагы депозиттер – 2,6 пайызга кыскаруу менен 28 314,2 млн. сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында экономикага кредит[2] 6,5 пайызга өсүп, 60 909,0 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-февраль айларында – 1,5 пайыз).

M2X акча массасынын түзүмүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- банктардан тышкары нак акча үлүшү – 47,3 пайыз (01.03.2013 карата – 53,1 пайыз);
- улуттук валютадагы депозиттер үлүшү – 24,1 пайыз (01.03.2013 карата – 23,4 пайыз);
- чет өлкө валютасындагы депозиттер үлүшү – 28,6 пайыз(01.03.2013 карата – 23,5 пайыз).

Жылдын январь-февраль айларында банк тутумунун таза чет өлкө активдери 297,0 млн. сомго кыскарып (0,3 пайызга), 105 426,8 млн. сомду түзгөн.

Март айынын баш жагына карата банк тутумунун таза ички активдери 3 119,1 млн. сомго кыскарып (20,5 пайызга), 12 060,6 млн. сомго жеткен.

2014-жылдын январь-февраль айларында эсептик чен жылдын баш жагындагы 4,17 пайыздан февраль айынын акырына карата 4,47 пайызга чейин жогорулатылган. Буга ушул мезгил ичинде Улуттук банктын ноталарынын эмиссия көлөмүнүн өсүшү таасир эткен.

Февраль айынын акырына карата жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 2,37 пайызды, 28 күндүк ноталар боюнча – 5,46 пайызды, жүгүртүү мөөнөтү 12 ай МКВ - 8,59 пайызды, 2 жыл МКО – 12,60 пайызды түзгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөөчү M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору 2014-жылдын 1-мартына карата 1,761, M2 мультипликатору – 1,257 (2013-жылдын 1-мартына карата тиешелүүлүгүнө жараша 1,571 жана 1,202) чегинде катталган.

M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча топтому боюнча эсептелген экономиканы монетизациялоо коэффициенти 31,4 пайызды, M2 акча топтому боюнча – 23,5 пайызды (2013-жылдын январь-февраль айларында – 29,8 жана 22,7 пайыз) түзгөн.

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы үстөк камдарынын орточо күндүк деңгээли январь-февраль айларында 2 405,7 млн. сомду түзгөн (2013-жылдын январь-февраль айларында – бул көрсөткүч 2 332,3 млн. сомго барабар болгон).

## Акча жүгүртүү ылдамдыгы

Акча сунушунун экономиканын өсүшүнө салыштырганда озгон арымда өсүшүнө байланыштуу акча жүгүртүү ылдамдыгынын 2014-жылдын январь айында төмөндөшү уланган, айдын акырында 3,2 пайызды түзгөн (M2X боюнча).

Нак акча жүгүртүү жагында Улуттук банктын кассасына 2014-жылдын январь-февраль айлары ичинде 14 168,3 млн. сом түшкөн, кассадан берүү көлөмү 7 500,4 млн. сомду түзгөн. Коммерциялык банктардын кассаларына ушул мезгил ичинде 130 063,8 млн. сом түшкөн, кассадан берүү көлөмү 124 307,7 млн. сомду түзгөн.

2014-жылдын январь-февраль айларында төлөм системасында финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу чекте сакталган. Жүгүртүү коэффициенти 0,3, ликвиддүүлүк коэффициенти – 3,8 түзгөн.

Көрсөткүчтөрдүн мындай катышы системада ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлин жана катышуучулар колдо болгон ликвиддүү каражаттарды натыйжалуу пайдалана албай жаткандыгын мүнөздөйт (ликвиддүү каражаттардын 70 пайызынан көбү пайдаланылбаган бойдон калууда). Бул жерде жүгүртүү коэффициентинин өзгөрүү динамикасы системанын катышуучуларынын жигердүүлүгүнө көз каранды экенин баса белгилеп кетүү зарыл.

---

[1] Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттери, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери.

[2] Өкмөттүн жана резидент эместердин кредиттерин эске албаганда, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин кредиттери